КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышынын VI кезексиз сессиясы**

**Таш-Дөбө а.** **16-июнь 2025 ж.**

# ТОКТОМ №43

**“Жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүү жөнүндө”**

Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевдин Арашан айыл аймагындагы социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана чечүү маселелери жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 “Чүй өнүктүрүү фондунун” эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу» токтомунун негизинде, Арашан айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2025-жылга Чүй өнүктүрүү фондунун конкурстарына катышуу үчүн долбоорду бекитүү жана жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүүгө уруксат берилсин:

2. “Арашан айыл аймагынын Таш-Дөбө айлында жайгашкан “Б.Бейшеналиева атындагы орто билим берүү мектеби” үчүн материалдык-техникалык базаны сатып алуу долбоорунун баасы 14712200 (Он төрт миллион жети жүз он эки миң эки жүз) сом өздүк салым 4413660 сом (Төрт миллион төрт жүз он үч миң алты жүз алтымыш сом.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы Чүй өнүктүрүү фондунун каржылануучу долбоордук табыштамалардын конкурсуна катышуу үчүн документтерди даярдасын жана жөнөтсүн жана аларды 2025-жылга бюджетти түзүүдө эске алсын;

4. Чүй өнүктүрүү фонду тарабынан каржылануучу “Б.Бейшеналиева атындагы орто билим берүү мектеби” үчүн материалдык-техникалык базаны сатып алуу долбооруна табыштама бекитилсин;

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**